**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин директорунун орун басары**
**Кысанов Т.А.**________________
**«24» март 2025-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ФИТОЛИЗИН COMPLEX

**Дары препаратынын соодадагы аталышы**
Фитолизин COMPLEX

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Дарынын түрү**
Ичип кабыл алуу үчүн паста

**Сүрөттөмөсү**
Күрөң-жашыл түстөгү, өзгөчө жыпар жыты бар, жумшак консистенциядагы паста.

**Дары препаратынын курамы**
100 г паста төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт
*таасир берүүчү заттар*: аралашманын коюланган экстракты (1:1,3-1,6; спирт 45°): тармал ашкөктүн тамыры, чытырдын уругу, кымыздыктын чөбү, ажырыктын тамыр сабагы, кайыңдын жалбырактары, кырк муундун чөбү, любисток тамыры, кадимки золотарник чөбү, пияздын кабыгы (7/6/6/5/4/4/4/2/2) – 67,2 г, көк шимүүр мускат майы 1,0 г, ачуу жалбыз майы – 0,5 г, кадимки кызыл карагайдын майы – 0,2 г, таттуу апельсиндин майы 0,15 г
*көмөкчү заттар*: глицерин 99,5%, буудайдын крахмалы, этилпарагидроксибензоат (Е214), агар, ванилин, тазаланган суу.
5 г паста (1 чай кашык) кверцетинге эсептегенде 0,06% дан аз эмес флавоноиддерди камтыйт.
Препарат 4% дан көп эмес (об/об) этанолду камтыйт.

**Фармадарылык тобу**

Жыныстык-заара системасынын ооруларын жана жыныстык гормондорду дарылоо үчүн препараттар. Урологиялык ооруларды дарылоо үчүн препараттар. Урологиялык ооруларды дарылоо үчүн башка препараттар. Урологиялык ооруларды дарылоо үчүн дагы башка препараттар.

**АТХ КОДУ:** G04BX

**Фармакологиялык касиеттери**

***Фармакодинамикасы***

Өсүмдүктөрдөн жасалган айкалышкан препарат. Сезгенүүгө каршы, заара айдоочу, спазмолитикалык жана микробго каршы таасирге ээ. Заара айдоочу таасири флавондун туундулары, инозит, сапониндер жана силикаттар менен шартталган. Акыркылары бөйрөктөрдөгү ураттык топтолууларда заара кислотасынын чыгарылуусун күчөтүшөт, ураттык топтолууларды акырындык менен эритүүчү жөндөмдүүлүккө ээ. Эфир майынын курамдык бөлүктөрү бактериостатикалык, бактерициддик жана сезгенүүгө каршы натыйжалуу таасирлерге ээ, бөйрөк ткандарынын кан менен камсыз болуусун жана капиллярлардын дубалчаларынын өткөрүмдүүлүгүн жогорулатышат, бул болсо бөйрөктөрдүн чыпкалоочу функциясынын жогорулоосуна көмөк көрсөтөт. Сапониндер үстүртөдөн тартылууну төмөндөтүшөт, коргоочу коллоиддердин түзүлүүсүнө жана зааранын патогендик курамдык бөлүктөрүнүн эрип кетүүсүнө алып келишет, заарада «кумдун» жана бөйрөк конкременттеринин түзүлүүсүнө тоскоолдук кылышат.

***Фармакокинетикасы***

Эл аралык конвенцияга ылайык (EMEAHMPWG11/99) өсүмдүктөрдөн жасалган дарыларга клиникалык сыноолорду жүргүзүүдө фармакокинетикалык параметрлерди обочолонгон изилдөө талап кылынбайт.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Өсүмдүктөрдөн жасалган салттык препарат заара чыгаруу жолдорунун оорулары, ошондой эле төмөнкү учурларда бейтаптарды кошумча дарылоонун курамында колдонулат:

- заара чыгаруу жолдорунун инфекциялык-сезгенүү ооруларында көмөк көрсөтүү;
- уролитиазды дарылоо жана ага алдын ала чара көрүү (зааранын минералдык бөлүктөрүнүн кристаллдашуусуна алдын ала чара көрүү);
- нефролитиазга алдын ала чара көрүү.

**Каршы көрсөтмөлөр**

- препараттын курамдык бөлүктөрүнө
  (дарынын курамдык бөлүктөрүнө аллергиялык реакциялар), Asteraceae (Compositae) (кадимки золотарник), Apiaceae (Umbelliferae) түркүмүндөгү өсүмдүктөргө, любистоктун тамырына же кайыңдын чаңчасына (кайыңдын жалбырактарына), ошондой эле дарынын көмөкчү заттарына жогорку жеке сезимталдуулук;
- бөйрөк алсыздыгы;
- жүрөк жетишсиздиги;
- бөйрөктөрдөн же жүрөктөн келип чыккан шишимиктер.

**Дозалары жана колдонуу жолу**

Тамактануудан кийин ичип кабыл алынат.

Адаттагы доза төмөнкүдөй:

*Чоңдор:*

Чоңдорго ичип кабыл алууга ½ стакан кайнатылган, таттуу кылынган, жылуу сууга эритилген 1 чай кашык паста дайындалат (болжол менен 5 г), күнүнө 3-4 жолу тамактануудан кийин кабыл алуу керек.

*Улгайган курактагы бейтаптар:*

Улгайган курактагы бейтаптарга дозаны модификациялоо талап кылынбайт.

*18 жашка чейинки курактагы балдар жана өспүрүмдөр*

Балдарда жана өспүрүмдөрдө (18 жашка чейинкит) Фитолизин COMPLEX дарысынын коопсуздугу жана натыйжалуу таасири аныкталган эмес.

*Бөйрөк алсыздыгы бар бейтаптар:*

Бөйрөк функциялары бузулган бейтаптарга дозаны төмөндөтүү керек болушу мүмкүн. Фитолизин COMPLEX бөйрөк алсыздыгы бар бейтаптарга каршы көрсөтүлгөн.

*Боор алсыздыгы бар бейтаптар:*

Боор алсыздыгы бар бейтаптарга дозаны модификациялоо талап кылынбайт.

*Дарылоо курсу:* дарылоо курсу 2-4 жумадан ашпашы керек. Эгер бул убакыт ичинде айыгуу байкалбаса, дарыгер же фармацевт менен кеңешүү керек.

Зааранын жетиштүү өлчөмдө бөлүнүп чыгуусун камсыз кылуу үчүн, дарыланып жаткан учурда дарыгер тарабынан сунушталган өлчөмдөгү суюктукту кабыл алуу керек.

Дары препаратын медицинада колдонуу боюнча нускамага же дарыгер менен фармацевтин сунуштарына ылайык колдонуу керек. Кандайдыр бир шек саноолор болгон учурда дарыгерге же фармацевтке кайрылуу керек.

**Кыйыр таасирлери**

*Бардык дарылар сыяктуу эле, Фитолизин COMPLEX да жагымсыз кыйыр натыйжалуу таасирлерди козгошу мүмкүн, бирок алар бардык адамдарда пайда боло бербейт.*

Ультра-көгүш нурларга жогорку сезимталдуулук учурунда фотосезимталдуулук көрүнүштөрү болушу мүмкүн.

*Кайыңдын жалбырактары*

Ашказан-ичеги жолдору тарабынан бузулуулардын пайда болуусу (көнүл айнуу, кусуу, ич өтүү) жана жогорку сезимталдуулук реакциялары жөнүндө (кычышуу, бөртмө, бөрү жатыш, аллергиялык реакциялар) маалымдалган. Жыштыгы белгисиз.

*Чытыр*

Ашказан-ичеги жолдору тарабынан бузулуулар: ич көбүү, ич өтүү.

Нерв системасы тарабынан бузулуулар: баш айлануу. Жыштыгы белгисиз.

*Кадимки золотарник*

Ашказан-ичеги жолдору тарабынан бузулуулардын жана жогорку сезимталдуулук реакцияларынын пайда болуусу жөнүндө маалымдалган. Жыштыгы белгисиз.

*Кырк муун*

Ашказан-ичеги жолдору тарабынан олуттуу эмес бузулуулардын жана жогорку сезимталдуулук реакцияларынын (бөртмө) пайда болуусу жөнүндө маалымдалган. Жыштыгы белгисиз.

Кыйыр реакциялар учурлары тууралуу маалымат
Жогоруда саналган кыйыр реакциялардын ичинен же бул нускамада көрсөтүлбөгөн башка жагымсыз көрүнүштөр пайда болгондо, бул тууралуу дарыгерге же фармацевтке маалымдоо керек. Мындай кыйыр реакциялар тууралуу маалыматтарга ылайык препаратты колдонуу коопсуздугу боюнча кеңири маалыматты чогултууга мүмкүн болот.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Дары препаратын кабыл алууну баштоонун алдында, дарыгер же фармацевт менен кеңешүү керек.

Эгер симптомдор өтүп кетпей күчөп, калтыратма, оору жана кыйналып заара чыгаруу, же заарада кандын камтылуусу менен коштолуп жатса, тез арада дарыгерге кайрылуу керек.
Чытырдын гипогликемизирлеген таасиринин натыйжасында, кант диабетинин диагнозу коюлган бейтаптарда глюкозанын деңгээлин кылдаттык менен текшерүү керек.
Фитолизин COMPLEX препаратын колдонуу учурунда суюктукту көп өлчөмдө кабыл алууга сунушталат.

***Препаратты колдонууну өткөрүп жиберүү***

Өткөрүп жиберген дозаны толуктоо максатында эки дозаны бир учурда кабыл албаңыз.

***Дары препаратынын айрым бир курам бөлүктөрү тууралуу маанилүү маалымат***

Фитолизин COMPLEX буудайдын крахмалын камтыйт. Буудайдын крахмалы олуттуу эмес, билинээр-билинбес өлчөмдө глютенди камтышы мүмкүн, ошондуктан ал целиакиясы бар бейтаптар үчүн коопсуз деп саналат.
Фитолизин COMPLEX этилпарагидроксибензоатты (нипагин А) камтыйт, ал аллергиялык реакцияларды козгошу мүмкүн (акырындык менен болгон түрүн).
Препарат 4% азыраак (об/об) этанолду (200 мг этанолго чейин) камтыйт, бул болсо, бир дозага 5 мл сыра же 2 мл вино эквиваленттүү. Фитолизин COMPLEX алкоголизм менен жабыркаган бейтаптарга сунушталбайт. Кош бойлуу жана эмизип жаткан энелерге, ошондой эле боору ооруган бейтаптарга дарыны дайындоодо этанолдун камтылуусу эске алынышы керек.

***Кош бойлуулук, эмчек эмизүү, фертилдүүлүк***

*Эгер бейтап айым кош бойлуу болсо, эмчек эмизип жаткан болсо, кош бойлуу болгонуна шектенип жатса, же кош бойлуу болууну пландап жатса, препаратты колдонуунун алдында дарыгер же фармацевт менен кеңешүү керек.*
Жетишээрлик клиникалык тажрыйбанын жоктугуна байланыштуу, Фитолизин COMPLEX препаратын кош бойлуулук жана эмизүү мезгилинде колдонууга сунушталбайт.
Дарыгердин оюу боюнча кош бойлуулук мезгилинде эне үчүн пайда түйүлдүк үчүн потенциалдык коркунучтан жогору болгон учурда гана препаратты колдонууга мүмкүн болот.

***Унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдерди тейлөө жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири***

Бүгүнкү күнгө чейин жогорку көңүл бөлүү реакциясын жана психомотордук реакциялардын тездигин талап кылган потенциалдык кооптуу иштерди аткаруу жөндөмдүүлүгүнө терс таасири белгиленген эмес (анын ичинде авто унааны жана башка унаа каражаттарын башкаруу, кыймылдаган механизмдер менен иштөө ж.б.у.с.). Андыктан дарыда чоң эмес өлчөмдө этанолдун камтылуусун эске алуу керек.

Препараттын бир дозасы 5 мл сыра же 2 мл виного ылайык келген алкоголду камтыйт.

**Ашыкча доза**

Азыркы күнгө чейин ашыкча дозалануу учурлары жөнүндө маалымдалган эмес.

**Башка дары препараттары менен өз ара таасири**

*Бейтап учурда кабыл алып жаткан же акыркы жолу кабыл алган бардык дары каражаттары тууралуу, жана ошондой эле кабыл алууну пландап жаткан препараттар тууралуу дарыгер же фармацевтке маалымдоосу керек.*

Дарынын зааранЫ айдап чыгаруучу таасирине байланыштуу, башка коштоп кабыл алынып жаткан дарылардын да тез чыгарылуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу керек.

Фитолизин COMPLEX төмөнкүлөрдүн таасирин күчөтүшү мүмкүн:

- антикоагулянттардын, стероиддик эмес сезгенүүгө каршы дары препараттардын;
- гипогликемиялык дары каражаттардын (кант диабетин дарылоо үчүн колдонулуучу дары препараттар);
- литийдин туздарын камтыган дары каражаттардын;
- моноаминооксидазанын ингибиторлорунун (депрессияны дарылоо үчүн колдонулуучу дары препараттар);
- фенобарбиталдын таасирин узартуу (уктатуучу дары препараты);
- аминопириндин жана парацетамолдун (стероиддик эмес сезгенүүгө каршы дары препараттары).

Фитолизин COMPLEX бета-каротиндин, альфа-токоферолдун (витамин Е), холестериндин жана дары каражаттардын ичке ичегидеги сиңирилүүсүн төмөндөтүшү мүмкүн.

**Жарактуулук мөөнөтү**

3 жыл

Таңгакчада көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин препаратты колдонууга болбойт.

Жарактуулук мөөнөтү көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүн билдирет.

*Дары препаратын канализацияга агызууга же таштанды чакага таштоого болбойт. Колдонулбаган дары препараттарын эмне кылуу керектигин суроо керек. Бул айлана-чөйрөнү сактоо үчүн маанилүү.*

**Чыгаруу формасы жана таңгакчасы**

Ичип кабыл алуу үчүн паста. Ички бети лакталган, алюминий тубдарда 100 г дан. Ар бир туб мамлекеттик жана орус тилдериндеги кошумча баракчасы менен кошо картон кутусуна салынат.

**Сактоо шарты**

Жабык таңгакта 25 °C дан жогору эмес аба табында сактоо керек.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Дарыканадан берүү шарты**

Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**
Гербаполь Варшава ЖЧК
05-800 Прушкув, Олувкова көч., 54
Польша.

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси**
Фармацевтикалык завод «ПОЛЬФАРМА» АК
Пельплиньска 19, 83-200 Старогpад Гданьски, Польша.

**Кыргыз Республикасынын аймагында дары препараттын коопсуздугуна каттоодон кийинки байкоо жүргүзүү боюнча жоопту уюмдун аталышы, дареги**
Кыргыз Республикасында «Химфарм» АК өкүлчүлүгү
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Орозбеков көч. 52-54, 3-кабат
Телефон номери + 996312975635
Электрондук дареги: pvh-kg@santo.kz